9. «Кыргызтест» мамлекеттик мекемеси. Лексикалык минимум B2 [Электрондук ресурс]. – URL: kyrgyztest.gov.kg/v2-leksikalyk-minimum
10.«Кыргызтест» мамлекеттик мекемеси. Лексикалык минимум C1 [Электрондук ресурс]. – URL: kyrgyztest.gov.kg/s1-leksikalyk-minimum
11.Култаева Ү. Б. Илимий эмгектердин алты томдук жыйнагы. V том. Кыргыз тилин бөтөн тил катары окутуунун методикасы. – Бишкек, 2018. – 296 б.
12.Рысбаев С. Деңгээлдик билим берүү технологиялары: кыргыз тили, адабияты мугалимдери үчүн колдонмо. – Толук. 2-басылышы. – Бишкек: MirAs print, 2023. – 160 б. – ISBN 978-9967-9436-1-2.
13.Леонтьев А. А., Королева Т. А. (ред.). Методика // Зарубежному преподавателю русского языка. – 3-е изд., испр. – Москва: Русский язык, 1982. – 112 с.

Рецензент: педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Каразакова З.Ж.

УДК 811.512.154'367
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-155-162

Маразыков Т.С.
Ж.Баласагын атындагы КУУ
Маразыков Т.С.
КНУ имени Жусупа Баласагына
Marazykov T.S.
KNU Jusup Balasagyn

БИР ТУТУМДУУ ЖӨНӨКӨЙ СҮЙЛӨМДӨРДҮ КЛАССИФИКАЦИЯЛОО МАСЕЛЕСИ ТУУРАЛУУ
О ПРОБЛЕМЕ КЛАССИФИКАЦИИ ОДНОСОСТАВНЫХ ПРОСТЫХ ПРЕДЛОЖЕНИЙ
ON THE PROBLEM OF CLASSIFYING ONE-MEMBER SIMPLE SENTENCES

Кыскача мүнөздөмө: Макалада кыргыз тил илиминде буга чейин профессорлор А. Жапаров, А. Иманов жана филология илимдеринин доктору Б. Тойчубекова тарабынан жүргүзүлгөн бир тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдөрдүн классификациясындагы айрым так эмес жана талаш туудурган маселелер конкреттүү фактылык материалдардын негизинде иликтөөгө алынып, кыргыз тилиндеги бир тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдөрдүн жаңы классификациясы сунуш кылынды.

Аннотация: В статье на основе конкретного фактического материала исследуются некоторые неточные и спорные вопросы классификации односоставных простых предложений, проведенной ранее в кыргызском языкознании профессорами А. Жапаровым, А. Имановым и доктором филологических наук Б. Тойчубековой, и предлагается новая классификация односоставных простых предложений в кыргызском языке.

Abstract: Based on concrete factual material, the article examines some imprecise and controversial issues in the classification of one-member simple sentences previously conducted in Kyrgyz linguistics by Professors A. Zhaparov, A. Imanov, and Doctor of Philological Sciences B. Toychubekova, and proposes a new classification of one-member simple sentences in the Kyrgyz language.

Негизги сөздөр: сүйлөм; жөнөкөй сүйлөм; бир тутумдуу жөнөкөй сүйлөм; бир тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдөрдүн классификациясы; семантикалык критерий; сүйлөм структурасы; сүйлөмдүн баш мүчөлөрү; баяндоочтун аймагы.

Ключевые слова: предложение; простое предложение; односоставное простое предложение; классификация односоставных простых предложений; семантический критерий; структура предложения; главные члены предложения; зона сказуемого.

Keywords: sentence; simple sentence; one-member simple sentence; classification of one-member simple sentences; semantic criterion; sentence structure; principal parts of the sentence; predicate zone.

Кыргыз тил илиминде бир тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдөр боюнча талаш жана такталбаган маселелер арбын. Ошондуктан аталган сүйлөмдөр боюнча буга чейин түзүлгөн классификацияларды да кайра карап, иретке келтирүү зарыл деп эсептейбиз. Ушуга байланыштуу бир тутумдуу сүйлөмдөр тууралуу өзүбүздүн көз карашты төмөндө сунуш кылабыз.

Жалпы түркологияда жана кыргыз тил илиминде бир тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдөр боюнча ар түрдүү көз караштар бар. Ал көз караштар бир кылка эмес. Көбүнесе бири-бирине карама-каршы. Бир тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдөрдү классификациялоо маселеси боюнча да ой-пикирлер бирдей эмес. Анткени бир тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдөр, профессор А. Имановдун сөзү менен айтканда, «табияты боюнча абдан татаал», «түзүлүшү жагынан бири-бирине окшош», «колдонулуш жыштыгы боюнча бирдей эмес», «сырткы турпаты жагынан… окшош… түзүлүшү бар» сүйлөмдөр [1, 310-б.].

Мына ушул себептерден улам түркологияда да, кыргыз тил илиминде да бир тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдөрдү классификациялоо бир кылка болбой келет. Теориялык негизден караганда да, кыргыз тил илиминде бир тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдөрдүн түрлөрүн аныктоо принциптери солгун. Маселен, буга чейин жүргүзүлгөн изилдөөлөрдө бир тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдөрдүн түрлөрү семантика-грамматикалык принципке, айрымдары логика-семантикалык принципке ылайык классификацияланып жүрөт [1, 315-б.]. Биринчиден, маселенин мындай чечилишинде логикалык ажырым байкалат. Бир тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдөрдү классификациялоодо кайсы учурда семантика-грамматикалык принцип колдонулат? Кайсы учурда логика-семантикалык принцип колдонулат? Бир тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдөрдү классификациялоодо эмне үчүн мындай ажырым мамиле болуш керек? Мындай сүйлөмдөрдү классификациялоодо «жалпылама жактуу сүйлөм» деп аталган сүйлөм түрүнө гана логика-семантикалык принцип колдонулат да, калган бир тутумдуу сүйлөм түзүлүштөрүнө эмне үчүн аталган принцип колдонулбайт? Ушу сыяктуу негизги маселелер бир тутумдуу сүйлөмдөрдү изилдеген окумуштуулар тарабынан так көрсөтүлбөгөн. Албетте, бул маселелер принципиалдуу маани-маңызга ээ болгон маселелердин катарына кирет. Биздин оюбузча, бир тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдөрдү классификациялоодо логикалык, семантикалык, грамматикалык принциптердин баары колдонулушу зарыл.

Экинчиден, кыргыз тил илиминде профессорлор А. Жапаров, А. Иманов жана Б. Тойчубекова сыяктуу окумуштуулар бир тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдөрдү изилдеп, аларды классификациялаган. Алар өзүлөрү атаган бир тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдөрдүн тутумуна кирген «белгисиз жактуу сүйлөм» деген сүйлөм түрүн аныктоодо «белгисиз жактуу сүйлөмдүн баяндоочу III жакта болору, бирок ал III жак формалдуу түрдө колдонулары тууралуу ойлорун билдиришкен» [1, 316-б.]. Белгисиз жактуу сүйлөмгө берилген бул аныктамадан да логикалык ажырымды байкасак болот. III жактагы этиштик баяндоочтор кайсы учурда формалуу колдонулат? Кайсы учурда формалуу эмес колдонулат? Эгерде ушундай принципти кармансак, анда логика боюнча, жак мүчөлөрдү «формалуу түрдө колдонулган жак мүчөлөр» жана «формалуу түрдө колдонулбаган жак мүчөлөр» деген эки түргө ажыратышыбыз зарыл болот. Эгерде мындай кылууга болбосо, «формалуу түрдө колдонулган жак мүчө» деген туюнтма кайдан чыкты?

Үчүнчүдөн, жогоруда аты аталган окумуштуулардын бул багытта жүргүзгөн изилдөөлөрүндө бир тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдөрдүн айрым түрлөрүнүн негизги өзгөчөлүктөрүн аныктоо, далилдөө базасы так эмес. Маселен, профессор А. Жапаров бир тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдөрдү: «белгилүү жактуу сүйлөм», «жамдама жактуу сүйлөм», «туюк жактуу сүйлөм», «жаксыз сүйлөм», «атама сүйлөм» деп атап, аларды беш түргө ажыраткан. Аталган сүйлөм түрлөрүнүн ичинен «белгилүү жактуу сүйлөм», «жамдама жактуу сүйлөм», «туюк жактуу сүйлөм» түрлөрүнө берилген аныктамалар менен

алардын далили катары келтирилген тилдик фактылык материалдар бири-бирине дал келбеген учурлар бар.

Маселен, профессор А. Жапаров белгилүү жактуу сүйлөмдөрдү «ээлик милдет аткаруучу сөздөр билинип турган менен, алардын кайра сүйлөмдө катыштырылып айтылышы мүмкүн болбой калган, ээнин катыштырылбай турушу калыптанып кеткен» сүйлөмдүн түрү катары аныктаган [2, 201-б.]. Бирок аталган аныктамага карата далил катары келтирилген тилдик фактылык материалдардын көбү татаал сүйлөмдөр болуп саналат. Маселен, 1. «Барабыз дедим, барабыз.», 2. «Айтасың, айтасың, жадаганда тим болосуң.», 3. «Кантесиң, каалабасаң да, иштейсиң, аргасызсың.», 4. «Мейли, барса, баралы.», 5. «Барса, барам.» деген мисалга алынган сүйлөмдөрдүн 1-, 2-сүйлөмү – тең байланыштагы татаал сүйлөм, 3-сүйлөм – аралаш татаал сүйлөм, 4-, 5-сүйлөм – багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм [2, 202-б.]. Ошондой эле белгилүү жактуу сүйлөмдөрдүн түзүлүшүн аныктаган бөлүктө да «Барсаң, көрөсүң, тийсең, өлөсүң.», «Көрсө, көрөрбүз.», «Окуса, окуйлук.», «Барбайм дедим, барбайбыз.», «Айтпайм дедим, айтпаймын.», «Барабыз дедик, барабыз.», «Бардыгын барсаңар, билесиңер.» деген сыяктуу татаал сүйлөмдөр мисал катары келтирилген. Ошентип, аталган эмгекте жөнөкөй бир тутумдуу сүйлөмдөрдүн табият-өзгөчөлүгүн аныктоодо татаал сүйлөмдөр мисал катары колдонулган.

Ал эми белгилүү жактуу сүйлөм катары мисал келтирилген «Андай кылык жоругуна кантип кайгырбайсың.», «Жүрөктүн дикилдегенин көрүп ал.», «Капырай, кайратын кара.», «Ат жалына казан ас.», «Атаганат, ушундайда атасынын жоктугун карачы.», «Кылганын көрчү.», «Кап, иштеп турганын көрчү.», «Катуу айтууга аргасыз болосуң.», «Кокуй ай, кандай күнгө туш кыласың?», «Ээ, аны бара көрөрбүз.» деген жөнөкөй сүйлөмдөр профессор А. Жапаров белгилегендей, «…ээлик милдет аткаруучу сөздөр билинип турган менен, алардын кайра сүйлөмдө катыштырылып айтылышы мүмкүн болбой калган, ээнин катыштырылбай турушу калыптанып кеткен» сүйлөмдөр эмес. Бул сүйлөмдөрдү «Андай кылык жоругуна кантип кайгырбайсың сен.», «Сен жүрөктүн дикилдегенин көрүп ал.», «Капырай, сен кайратын кара.», «Сен ат жалына казан ас.», «Атаганат, ушундайда атасынын жоктугун карачы сен.», «Сен кылганын көрчү.», «Кап, иштеп турганын көрчү сен.», «Сен катуу айтууга аргасыз болосуң.», «Кокуй ай, сен кандай күнгө туш кыласың?», «Ээ, аны биз бара көрөрбүз.» деп сүйлөмдүн ээсин калыбына келтирип деле айтууга болот. Бул сүйлөмдөр «ээнин катыштырылбай турушу калыптанып кеткен» сүйлөмдөр эмес, ошондуктан аларды ар кыл вариантта өзгөртүп колдонууга болот [2, 202–203-бб.].

Мына ушундай өзгөчөлүк профессор А. Жапаровдун жамдама жактуу сүйлөмдөр боюнча жазган маалыматтарында да кездешет. Маселен, жамдама жактуу сүйлөмдөр «…ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн катыштырылып айтылышы мүмкүн болбой калган, ээнин көмүстө калышы калыптанып кеткен, эгерде бул сүйлөмдөргө ээ катыштырылып айтылган болсо, сүйлөмдүн ырааттуулугу бузулуп, маани жагынан өзгөрүлүп же аксап калган, ээнин түшүп калышы, жок болушу аркылуу баяндооч мүчөлөрдүн жамдоо мааниси шартталган» сүйлөм катары аныкталган [2, 203–204-бб.].

Жамдама жактуу сүйлөмгө карата айтылган аныктамага далил катары сунушталган тилдик факт-материалдардын көбү татаал сүйлөмдөр экени, мында жөнөкөй бир тутумдуу сүйлөмдүн негизги өзгөчөлүктөрү татаал сүйлөм конструкциясы аркылуу далилденип жатканы ачык байкалат. Жөнөкөй сүйлөмдүн табият-өзгөчөлүгүн татаал сүйлөмдүн негизинде аныктоо канчалык деңгээлде орундуу жана логикалуу? Мисалы, «Ойноп сүйлөсөң да, ойлоп сүйлө.», «Атты баксаң, жакшы бак, жоого алдырбас тар жерде.», «Жолдош күтсөң, тандап күт, доого алдырбас тар жерде.», «Даанышмандан сөз окуу, көөнөрбөс кылып бөз току.», «Отуз өлчөп, бир кес.», «Кокуйга коңшу конбо, жалакорго жакын жолобо.», «Ойлобой сүйлөсөң, оорубай өлөсүң.», «Бак-бак эткен текени суу кечкенде көрөрбүз, бышык сынган келинди үй чечкенде көрөрбүз.», «Атты мингенде мактаба, түшкөндө макта.», «Кылым жашасаң, кылым оку.», «Душмандын тышында болгуча, ичинде бол.» деген сүйлөмдөр – татаал сүйлөмдөр [2, 203–205-бб.].

Жамдама жактуу жөнөкөй сүйлөм катары мисал келтирилген «Адалдык иштен арыдым дебе.» деген сүйлөм да аталган окумуштуу аныктама бергендей «…ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн

катыштырылып айтылышы мүмкүн болбой калган, ээнин көмүстө калышы калыптанып кеткен, эгерде бул сүйлөмдөргө ээ катыштырылып айтылган болсо, сүйлөмдүн ырааттуулугу бузулуп, маани жагынан өзгөрүлүп же аксап калган…» сүйлөмдүн катарына кирбейт [2, 204-б.]. Аталган сүйлөмдү «Сен адалдык иштен арыдым дебе.», «Адалдык иштен арыдым дебе сен.» деп сүйлөмдүн ээсин катыштырып айтсак деле болот. Бул сүйлөмгө ээни катыштырып айтсак, сүйлөмдүн ырааттуулугу эч бузулбайт, андан бул сүйлөм маани жагынан да өзгөрүлүп же өксүп, аксап калуу жагдайына да дуушар болбойт. Демек, мындай сүйлөмдөрдү аныктоо маселесин кайрадан тыкыр иликтеп карап чыгуу зарыл.

Профессор А. Жапаров тарабынан сунушталган «туюк жактуу сүйлөм» деп аталган сүйлөмдүн түрүн аныктоо базасы да жеткиликтүү эмес экени ачык байкалат. Мында да сүйлөмгө берилген аныктамалар менен ага карата далил катары келтирилген мисалдар, сунушталган тилдик факт-материалдар эки ажырым. Маселен, профессор А. Жапаров туюк жактуу сүйлөмгө «...жалпы эле III жактагы сөздөрдүн ээ катары келери белгилүү болгон, кандай сөздөрдүн ээ катары түшөрү баяндооч мүчөлөр аркылуу да билинген, сүйлөмдүн мазмунуна карай да (ээни) белгилөөгө мүмкүн эмес», «кандайдыр бир себептер боюнча аракет кылуучу жактардын белгиленбей турушу талап кылынган», «ээлик милдет аткаруучу сөздөр катышпаган жана кандай сөздөрдүн ээ болуп келери белгисиз болгон, жалаң III жактагы баяндооч мүчөлөрдүн тобунан турган» сүйлөм катары аныктама берген [2, 205–206-бб.]. Өзү атаган туюк жактуу сүйлөмдөрдүн өзгөчөлүгүн далилдөөдө да окумуштуу тарабынан татаал сүйлөмдөр мисал катары сунушталган. Мисалы, «Аны чыйрыктырды, андан кийин күйүп-жандырды.», «А дегенде күйүп-жандырып, анан барып калтыратты дейсиң.», «Кушту салганына кубанбайт, алганына кубанат.», «Адамды кийиминен тааныбайт, ишинен, акылынан тааныйт.», «Уулду төрөйт, уятын кошо төрөбөйт.» деген сүйлөмдөр татаал сүйлөмдөр болуп саналат [2, 206–207-бб.].

Профессор А. Жапаров тарабынан туюк жактуу сүйлөм катары көрсөтүлгөн жөнөкөй сүйлөмдөр, тилдик материалдар ага карата берилген аныктамага дал келбейт. Мисалы, «Жыйналышта чечилген маселени иш жүзүнө ашырууга тийиш.», «Башымды айландырып жиберди.», «Экөөбүздүн ортобузга чок салыптыр.», «Дүйнөгө кайра бир жаралбаспы.», «Эч убакта кайра турмушта болбойт.», «Байкушту коркутуп кошуптур.», «Өкмөттөн айланса болот.», «Колхозду аябай оңдоп салды.», «Араба менен коенду кууп жетиптир.», «Тагдырды чертип ойногон анда.», «Райкомдун бюросунда каралган.», «Ошо таш менен таш болуп катып калчудай көрүнөт.», «Кайда алып барышат, кайда?», «Ыңгайлуу учурга чейин күтүүгө тийиш.», «Ишине жараша баалоого тийиш.» деген сүйлөмдөр [2, 206–207-бб.] профессор А. Жапаров аныктагандай «...сүйлөмдүн мазмунуна карай да (ээни) белгилөөгө мүмкүн эмес», «кандайдыр бир себептер боюнча аракет кылуучу жактардын белгиленбей турушу талап кылынган» сүйлөмдөр эмес. Ошондуктан жогоруда туюк жактуу сүйлөм катары көрсөтүлүп, мисалга келтирилген жөнөкөй сүйлөмдөрдү: «Ал (алар) жыйналышта чечилген маселени иш жүзүнө ашырууга тийиш.», «Ал башымды айландырып жиберди.», «Ал экөөбүздүн ортобузга чок салыптыр.», «Ал дүйнөгө кайра бир жаралбаспы.», «Ал эч убакта кайра турмушта болбойт.», «Алар байкушту коркутуп коюшуптур.», «Алар (ал) өкмөттөн айланса болот.», «Ал колхозду аябай оңдоп салды.», «Ал араба менен коенду кууп жетиптир.», «Ал тагдырды чертип ойногон анда.», «Ал райкомдун бюросунда каралган.», «Ал ошо таш менен таш болуп катып калчудай көрүнөт.», «Алар кайда алып барышат, кайда?», «Ал (алар) ыңгайлуу учурга чейин күтүүгө тийиш.», «Ал (алар) ишине жараша баалоого тийиш.» деп сүйлөмдүн ээсин катыштырып айтууга да болот. Жогоруда көрүнүп тургандай, мындай сүйлөмдүн маанисине карай III жактагы ээни белгилөөгө да толук мүмкүнчүлүк бар. Ошондой эле мындай сүйлөмдөргө ээни катыштырып айтууга да мүмкүнчүлүк бар. Ошентип, профессор А. Жапаров тарабынан белгиленип, бир тутумдуу сүйлөм катары сунушталган «туюк жактуу сүйлөм» маселесин да кайрадан иликтөө, тактоо зарыл.

Ал эми профессор А. Жапаров тарабынан бир тутумдуу сүйлөм катары сунушталган «жаксыз сүйлөм», «атама сүйлөм» түрлөрү тууралуу ой-пикирлер бардык жактан колдоого арзыйт деп эсептейбиз.

Кыргыз тил илиминде профессор А. Жапаровдон башка изилдөөчүлөр жазган материалдарда да бир тутумдуу сүйлөмдөрдү түрлөргө бөлүүдө «белгилүү жактуу», «жалпылама жактуу» *(сүйлөмдүн*

бул түрүн профессор А. Жапаров «жамдама жактуу сүйлөм» деп атайт) жана «белгисиз жактуу» *(сүйлөмдүн бул түрүн профессор А. Жапаров «туюк жактуу сүйлөм» деп атайт)* сүйлөмдөр боюнча берилген аныктамалар ага далил катары сунушталган тилдик фактылык материалдарга дал келбегени байкалат. Маселен, окумуштуу Б. Тойчубекова «белгилүү жактуу сүйлөмдү» *(бул сүйлөмдү ал «жагы белгилүү бир составдуу сүйлөм» деп атайт)*: «...I, II жактардын жак мүчөлөрү уланган этиштерден, буйрук жана каалоо этиштерден жасалган баш мүчө (баяндооч) аркылуу кыймыл-аракеттин аткаруучусунун... белгилүүлүгүн жана алардын кыймыл-аракетин, ал-абалын, кыймылга болгон түшүнүктөрүн гана билдирүүчү бир составдуу сүйлөм.», «...грамматикалык ээнин сүйлөмдө катышып турушунун зарылдыгы болбой калган», «...тескерисинче, алардын (ээнин) сүйлөмдө катышып калгандыгынан стилдик мүчүлүштүктүн болорлугу да байкалган», «...грамматикалык ээнин колдонулбай, түшүрүлүп калышы өзгөчө бир формада калыптанышына жана стилдик ыкманы түзгөндүгүнө байланыштуу» болгон сүйлөм катары көрсөткөн [3, 49, 54–55-бб.].

Тилекке каршы, аталган аныктамага изилдөөчү Б. Тойчубекова тарабынан сунушталган тилдик материалдар дал келбейт. Мисалы, «Быйылкы каникулумду колхоздун бакчасында өткөрдүм» [3, 49-б.], «Бүгүндөн калбай кел.» [3, 49-б.], «Шаардан бүгүн келдим», «Материалды жакшы өздөштүрүптүрсүң.» [3, 59-б.], «Бүгүн бардык лекцияга катыштым.», «Техникалык каражаттарды сабакка пайдаландым» [3, 63-б.], «Кызматка кечикпей келгин.», «Бери басчы.», «Дагы кичине суу алып келе койгулачы.» [3, 64-б.], «Тамакты жылытайынчы.», «Сөздү өзүбүздөн баштайлычы.», «Эмне айтмак элеңиз?», «Экскурсияга келмек болдук.», «Ушул ажалдан бизди куткарсаң.» [3, 65-б.], «Бул ишти көп эле татаалдаштыра бербесеңчи.», «Мындан бат эле кутулсаң экен.», «Колхоздо иштейм.», «Эмнеге кыйналып отурасың?», «Мени падышага чабарман кылып алыңыз.», «Милдеттенмелерди абийирдүүлүк менен аткаруудабыз», «Эч кимге айтпайм.», «Сага окшогондорду кызматтан кууп чыгамын.» [3, 66-б.], ... «Иниң экөөндү ошол жакка өткөрүп коелубу?» [3, 92-б.], ... «Эстүү киши өзү түшүнөр деп жатпаймынбы.» [3, 93-б.] деген жана башка сүйлөмдөр [3, 49–93-бб.] изилдөөчү Б. Тойчубекова аныктагандай «...грамматикалык ээнин сүйлөмдө катышып турушунун зарылдыгы болбой калган», «...ээнин сүйлөмдө катышып калгандыгынан стилдик мүчүлүштүктүн болорлугу да байкалган», «...грамматикалык ээнин колдонулбай, түшүрүлүп калышы өзгөчө бир формада калыпташкан» сүйлөмдөр эмес. Бул сүйлөмдөрдүн кайсынысын албайлы, сүйлөмдүн ээсин кошуп колдонууга болот. Мисалы, «Бүгүндөн калбай кел.», «Сөздү өзүбүздөн баштайлычы.» деген сүйлөмдөрдү «Сен бүгүндөн калбай кел.», «Биз сөздү өзүбүздөн баштайлычы.» деген вариантта деле колдонсо болот. Мындай сүйлөмдөрдө ээнин сүйлөмдө катышпай калышы зарылдык деле эмес. Ошондуктан ал сүйлөмдөргө сүйлөмдүн ээсин катыштырып колдонсок, эч кандай стилдик мүчүлүштүк болбойт. Ошондой эле мисал катары келтирилген бул сүйлөмдөр кандайдыр бир формада калыптанган сүйлөмдөр да эмес. Бул фактылар көрсөткөндөй, «белгилүү жактуу» сүйлөм маселесин дагы тактоо зарыл.

Ошондой эле «белгисиз жактуу» сүйлөм тууралуу маселе да тактоону талап кылат. Маселен, окумуштуу Б. Тойчубекова бул сүйлөмдү «жагы белгисиз бир составдуу сүйлөм» деп атайт. Бир тутумдуу сүйлөмдүн катарына киргизилген бул сүйлөм тууралуу «...кыймыл-аракеттин ачык билинбеген аткаруучусу (субъектиси) тарабынан аткарылган, аткарыла турган кыймыл-аракет же кыймыл-аракетке байланыштуу болгон түшүнүктөрдү жана ал-абалды билдирүүчү сүйлөм жагы белгисиз сүйлөм деп аталат.» деген аныктама берген [3, 93-б.]. Аталган сүйлөм: «кыймыл-аракеттин үчүнчү жактык субъектисинин мүнөздүүлүгүн билдирери», «бирок анын (субъектинин) кимдигин конкреттештире албашы», «кыймыл-аракетти аткаруучусунун (субъектисинин) ким экендиги такталбастан белгисиз бойдон калары», ...«сүйлөм контекстке көз каранды эмес, информативдик толук мазмунга ээ экендиги» [3, 93-б.], «...жагы белгисиз сүйлөмдүн структуралык схемасы жалгыз баш мүчө жана ал тарабынан башкарылып турган айкындооч мүчөлөрдөн уюшулары», ...«сүйлөмдөгү баш мүчө этиштик баяндоочтун базасында жасалары», «ал (баш мүчө) шарттуу түрдө үчүнчү жакты белгилөөчү чак жана -са (шарттуу ыңгай) формалары уланган этиштерден, алардын айрымдары менен айкашкан кээ бир жардамчы компоненттерден гана уюшулары» белгиленген [3, 96-б.].

Жогоруда көрүнүп тургандай, белгисиз жактуу сүйлөмгө берилген бул аныктамалар логикалык жактан бири-бирине карама-каршы. Маселен, «сүйлөмдө кыймыл-аракет ачык билинбеген аткаруучусу тарабынан аткарылса», сүйлөм «үчүнчү жактык субъектинин мүнөздүүлүгүн билдирсе», анда ал сүйлөмгө «кыймыл-аракетти аткаруучусунун (субъектисинин) ким экендиги ... белгисиз бойдон калат» деген аныктама берилиши логикалык жактан карама-каршы. Мында «кыймыл-аракеттин үчүнчү жактык субъектисинин мүнөздүүлүгү» деген туюнтма бул сүйлөм жактуу сүйлөм дегенди билдирет.

Филология илимдеринин доктору Б. Тойчубекованын жагы белгисиз сүйлөмгө мисал катары алган сүйлөмдөрү да алардын жактуу сүйлөмдөр экенин айгинелеп турат. Мисалы: «Биздин өлкөдө сизди даңктуу жетекчи катары билишет.» деген сүйлөм логикалык жактан да, сүйлөмдүн жалпы мааниси боюнча да жана «билишет» деген үчүнчү жактагы көптүк сандагы этиштик баяндоочтун мааниси боюнча да бул сүйлөм жактуу сүйлөм экендиги аныk болуп отурат. Мында сүйлөмдүн субъектиси өсүмдүктөр же жан-жаныбарлар эмес, «эл, адамдар» экени айкын байкалып турат.

Ушундай эле көрүнүш окумуштуу Б. Тойчубекова жагы белгисиз сүйлөм катары мисал келтирген «Тойго кан ичкени келбейт.», «Чучук дегенди майдан жасайт.», «Чоң көчөнүн боюна үч катар үй салып жатыптыр.», «Инженерди советтик армиянын катарына чакырышты.», «Бардык жайыттарды, чөптөрдү көрүп чыгуу маселесин коюшкан.», «Кантип эле сизди чыгарбай коюшсун.», «Аны түш оой менен коюшат го.», «Имараттын көбүн салып бүтө элек экен.», «Чокудагы үңкүрдө карышкырдын бөлтүрүгү бар дешет.», «Бул ишти мурда текшерет дешкен беле?», «Ушундайды медицинада Боткиндин оорусу деп атайт экен.» деген жана башка сүйлөмдөрүнө да мүнөздүү [3, 97–109-бб.]. Маселен, «Кантип эле сизди чыгарбай коюшсун.» деген сүйлөмдү иликтесек, бул сүйлөмдүн ээси «алар» деген үчүнчү жактагы, көптүк сандагы зат атооч (адамдар) экени логикалык жактан байкалып эле турат. Экинчиден, сүйлөмдүн «чыгарбай коюшсун» деген этиштик баяндоочу изилдөөчү Б. Тойчубекова айткандай «шарттуу түрдө үчүнчү жакты белгилөөчү» кызмат аткарган жок. Аталган этиштик баяндооч конкреттүү түрдө үчүнчү жакты, көптүк санды көрсөтүүдө.

Буга кошумча, изилдөөчү Б. Тойчубекова жагы белгисиз сүйлөм катары мисалга келтирген сүйлөмдөр ал айткандай «...контекстке көз каранды эмес, информативдик толук мазмунга ээ» сүйлөмдөр эмес. Биздин оюбузча, тексттеги ар бир сүйлөм өзүнө чейинки жана өзүнөн кийинки сүйлөмдөр менен (контекст менен) маанилик жактан бекем байланышта болот. Текст аркылуу кандайдыр бир информация туюндуруу ушундай принципте (туташ маанилик байланыш принцибинде) ишке ашат. Мындай шартта «...контекстке көз каранды эмес» сүйлөмдөрдүн болушу мүмкүн эмес. Жогоруда көрүнүп тургандай, окумуштуу Б. Тойчубекованын «жагы белгисиз бир составдуу сүйлөм» деп атаган сүйлөм конструкциясын да дагы тактап иликтөө керек.

Окумуштуу Б. Тойчубекованын «жагы жалпылама бир составдуу сүйлөм» деп атаган сүйлөмү да тактоолорду талап кылат. Анткени аталган сүйлөм тууралуу берилген аныктамалар ага далил иретинде келтирилген тилдик факт-материалдарга шай келбейт. Маселен, Б. Тойчубекова жагы жалпылама бир составдуу сүйлөмдү «кыймыл-аракеттин аткаруучусу (субъектиси) жалпыланган мүнөздөгү», «...кыймыл-аракет ... конкреттүү, тиешелүү жактарга мүнөздүү болбостон, бардык жактарга мүнөздүү», «...кыймыл-аракет ... жалпыланган жактарга тиешелүү болуп айтылган», «...кыймыл-аракеттин жалпыланган субъектиси лексикалык атайы каражаттар аркылуу берилбеген, сүйлөмдүк контекстке катышпаган...», «2-жактын жак мүчөсү жана жак маанисиндеги ар кандай чактык көрсөткүчтөр уланган этиштерден, ...буйрук этиштен жасалган ... баш мүчө катышкан...», «...сүйлөмдүк семантикадан кыймыл-аракеттин субъектисинин жалпы жак экендиги билинген жана аларга тиешелүү кыймыл-аракет же кыймыл-аракетке байланыштуу болгон түшүнүктөрдү билдирүүчү», «...атайын лексемалар аркылуу берилүүчү грамматикалык ээлер мүнөздүү эмес...» сүйлөм катары аныктаган [3, 122–123-бб.]. Бирок бул аныктамага мисал катары сунушталган «Буга китептеги ырларды ирети менен окуп отурганда толук ынанасың.» деген сүйлөм, окумуштуу Б. Тойчубекова аныктагандай, «сүйлөмдүк семантикадан кыймыл-аракеттин субъектисинин жалпы жак экендигин» билдирбейт. Ошондой эле бул сүйлөмгө «грамматикалык ээ мүнөздүү эмес» деп айтууга

да болбойт. Анткени бул сүйлөмгө экинчи жактагы, жекелик сандагы грамматикалык ээни калыбына келтирүүгө болот. «Сен буга китептеги ырларды ирети менен окуп отурганда толук ынанасың.» деген түрдө да колдонууга болот.

Ушундай эле ой-пикирди «Бир күн туз таткан жериңе миң күн салам бер.», «Ушуну кантип чайкана дейсиң.», «Анан арак ичүүнүн шылтоосун оңой эле таап коюшканын кантесиң.», «Кназдын короосунда эмне болуп жатканын жашыра албассың.», «Бирок суу проводдору аркылуу аны кайнатып жибере албайсың.», «Эл ичине аман келгенин айтсаң.», «Аны ойлобоого аракет кыласың.» деген жана башка сүйлөмдөргө карата да айтсак болот [3, 124–129-бб.]. Чындыгында эле, «Бирок суу проводдору аркылуу аны кайнатып жибере албайсың.» деген сүйлөм кантип жалпылама жактуу сүйлөм болсун? Бул сүйлөмдө Б. Тойчубекова аныктама бергендей «кыймыл-аракеттин аткаруучусу (субъектиси) жалпыланган мүнөздө» эмес. Тескерисинче, бул сүйлөмдө кыймыл-аракет конкреттүү экинчи жактагы субъектиге мүнөздүү. «...Сүйлөмдүк семантикадан кыймыл-аракеттин субъектисинин жалпы жак экендиги» да билинбейт.

Өзү атаган «жагы жалпылама бир составдуу сүйлөмдүн» табиятын окумуштуу Б. Тойчубекова татаал сүйлөм конструкцияларынын базасында түшүндүрүүгө аракет жасаган. Маселен, «Журналист – оор жумуш, өмүр бою үйүңдөн алыстасың.», «Аткени менен кайра тура калып, кайра чабуулга кирсең, ооруган жериңди унутуп каласың.», «Колуң менен кылсаң, монуң менен тартасың.», «Ата-энеңди сыйласаң, өз балаңдан оопа көрөсүң.», «Кирсиз жүрсөң, оорусуз болосуң.», «Ит менен ойносоң, үрөрсүң, бала менен ойносоң, күлөрсүң.», «Башыңа иш түшсө, төбөң менен кудук казарсың.», «Туулганына кубанбай, турарына кубан.» деген сүйлөмдөрдүн баары – татаал сүйлөмдөр [3, 127–128-бб.].

Профессор А. Имановдун эмгектеринде да бир тутумдуу сүйлөмдүн түрлөрү катары классификацияланган «белгилүү жактуу сүйлөм», «жалпылама жактуу сүйлөм», «белгисиз жактуу сүйлөм» деп аталган сүйлөм конструкцияларына берилген аныктамалар менен ага далил иретинде сунушталган тилдик факт-материалдар дал келбейт. Аталган багытта изилдөө иштерин жүргүзгөн жогорудагы окумуштуулар сыяктуу эле профессор А. Имановдун бир тутумдуу сүйлөмдөрдүн табият-белгилерин түшүндүргөн далилдери, аныктамалары так эмес. Мисалы, профессор А. Иманов «...Бир составдуу сүйлөмдөрдүн тобунда грамматикалык бир гана зона, башкача айтканда, багынычтуу тобу менен бирге же аларсыз деле бир гана баш мүчө болот. Анын баш мүчөлөрү, грамматикалык борборлору (уюштуруучусу) сүйлөмдүн бул түрүн түзүүчү бирден-бир негизги ядро болуп эсептелет.» [1, 420-б.; 313-б.] деп туура белгилеген. Бирок «...бир составдуу сүйлөмдөрдү жалаң гана баяндоочунун түзүлүшүнө карата аныктоо жетишсиздик кылат.» деп кайра мурдагы аныктамага каршы оюн билдирген. Бул билдирүү анын «...бир составдуу сүйлөмдөрдө грамматикалык ээси болбойт, анын бардык касиетин баяндоочтун семантикасы тейлеп турат» [1, 315–316-бб.] деген оюна кайчы келет. Суроо туулат: эгерде бир тутумдуу сүйлөмдүн тутумунда бир гана баш мүчө болсо, ал баш мүчө сүйлөмдө грамматикалык борбор, негизги ядро болсо, сүйлөмдүн бардык касиетин баяндоочтун семантикасы тейлеп турса, анда эмне үчүн «...бир составдуу сүйлөмдөрдү жалаң гана баяндоочунун түзүлүшүнө карата аныктоо жетишсиздик кылат.»?

Биздин оюбузча, бир тутумдуу сүйлөмдөрдү классификациялоодо мындай сүйлөмдөрдүн негизги белгисин структуралык жактан да, семантикалык жактан да айкындап турган негизги көрсөткүч катары баяндоочтун түзүлүшүн эске алуу зарыл.

Профессор А. Иманов бир тутумдуу сүйлөмдүн түрү катары көрсөткөн «белгисиз жактуу сүйлөмдөр» деген сүйлөм конструкциясын аныктоодо да логикалык карама-каршылыктарга жол берген. Мисалы, «...Ал эми белгисиз жактуу сүйлөмдөрдүн баяндоочу формалдуу түрдө гана III жакта колдонулат. Анын аракеттенүүчү (кыймыл-аракетти ишке ашыруучу) логикалык субъектиси да же грамматикалык ээси да так, ачык эмес, кандайдыр бир жалпыланган, божомолдонгон белгисиз бирөө сыяктуу байкалат.» [1, 316-б.] Аталган аныктамада логикалык карама-каршылык бар. Биринчиден, сүйлөмдүн баяндоочу III жакта колдонулса, демек, бул сүйлөм белгисиз жактуу сүйлөм эмес. III жак мүчөнүн шарттуу түрдө колдонулганы же шарттуу эмес түрдө колдонулганы тууралуу окумуштуунун

ою анын божомолу гана болуп саналат. Экинчиден, изилдөөчү айткандай, сүйлөмдүн «...логикалык субъектиси да же грамматикалык ээси да так, ачык эмес, кандайдыр бир жалпыланган, божомолдонгон белгисиз бирөө сыяктуу байкалса...», демек, мындай сүйлөм белгисиз жактуу эмес. Грамматикалык ээ байкалып жатса, ал сүйлөмдү кантип белгисиз жактуу сүйлөм деп эсептешибиз керек? Байкалып тургандын өзү – белгилүүлүк. Белгисиз болсо, байкалмак эмес.

Профессор А. Иманов тарабынан белгисиз жактуу сүйлөм катары алынган мисалдар да жогоруда өзү берген аныктамаларга туура келбейт. Маселен, белгисиз жактуу сүйлөм катары «Жаман сөздү айтууга болбойт.» деген сүйлөм конструкциясы мисал иретинде сунушталган [1, 316-б.]. Биздин оюбузча, биринчиден, бул сүйлөм – жактуу сүйлөм. III жактагы ээси бар сүйлөм. Аталган сүйлөмдүн этиштик баяндоочунун түзүлүшүнөн, анын жалпы семантикасынан бул сүйлөмдүн ээси адамзатты атаган III жактагы сөз экени ачык эле байкалып турат. Ошондуктан бул сүйлөмдүн ээсин калыбына келтирүүгө болот. Мисалы, «Адам (аял, эркек, бала, кыз, келин ж.б.) жаман сөздү айтууга болбойт.» деп айтууга толук негиз бар. Экинчиден, тексттин тутумунан кайсы бир сүйлөмдү үзүп алып, аны мисал катары келтирип, бул сүйлөмдүн «...грамматикалык ээси жок, анын болушун талап кылбайт.» деп так кесе аныктама берүү [1, 316-б.] канчалык деңгээлде чындыкка дал келет? Маселен, жогоруда белгисиз жактуу сүйлөм катары көрсөтүлгөн сүйлөм конструкциясында грамматикалык ээнин болушу таптакыр эле талап кылынбай калган жок. Ошондуктан ал сүйлөмдүн грамматикалык ээсин калыбына келтирүүгө толук мүмкүнчүлүк бар.

Корутундулап айтканда, жогорудагы иликтөөлөр көрсөткөндөй, маселени татаалдаштырбай, буга чейин окумуштуулар А. Жапаров, Б. Тойчубекова, А. Иманов тарабынан бир тутумдуу сүйлөм катары классификацияланып келген «белгилүү жактуу сүйлөм», «белгисиз жактуу сүйлөм», «жалпылама жактуу сүйлөм» деген сүйлөмдөрдү «жактуу сүйлөм» деген бир эле аталышта атаганыбыз туура болот деп эсептейбиз.

Жогорудагы иликтөөдөн байкалгандай, кыргыз тил илиминде буга чейин бир тутумдуу сүйлөмдөрдүн 1. Белгилүү жактуу сүйлөм, 2. Жалпылама жактуу сүйлөм, 3. Туюк жактуу (белгисиз жактуу) сүйлөм, 4. Жаксыз сүйлөм, 5. Атама сүйлөм, 6. Кемтик сүйлөм деп өз ара 6 түргө ажыратылышы чындыкка дал келбейт. Ошондуктан жөнөкөй сүйлөмдөрдү төмөнкүдөй классификациялоону сунуш кылабыз:

Жөнөкөй сүйлөм сүйлөм мүчөлөрүнүн сүйлөмдө толук катышышы же катышпашына карата 1. Толук сүйлөм жана 2. Кемтик сүйлөм болуп бөлүнөт.

Жөнөкөй сүйлөмдөр баш мүчөлөрдүн сүйлөмдө толук катышышы же катышпашына карай 1. Эки тутумдуу сүйлөм жана 2. Бир тутумдуу сүйлөм болуп бөлүнөт.

Эки тутумдуу жөнөкөй сүйлөм 1. Жалаң сүйлөм жана 2. Жайылма сүйлөм болуп өз ара түргө ажырайт.

Бир тутумдуу жөнөкөй сүйлөм 1. Жактуу сүйлөм, 2. Жаксыз сүйлөм, 3. Атама сүйлөм болуп бөлүнөт.

Колдонулган адабияттар

1. Иманов А. Кыргыз тилинин синтаксиси: окуу куралы: жогорку окуу жайларынын филология факультеттеринин студенттери үчүн. – 2-бас. – Бишкек, 2009. – 420 б.
2. Жапаров А. Кыргыз тилинин синтаксиси: жогорку окуу жайларынын тил жана адабият факультеттери үчүн. – Фрунзе: Мектеп, 1979. – 324 б.
3. Тойчубекова Б. Азыркы кыргыз тилиндеги бир составдуу жана кемтик сүйлөмдөр. – Фрунзе, 1983.

Рецензент: филология илимдеринин доктору, профессор Абдразакова Г.Ш.